DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2019

*Калдыбаева А.Т.*

# КОМПЕТЕНТТҮҮ МАМИЛЕ ШАРТЫНДА ПЕДАГОГДОРДУ ДАЯРДООНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Калдыбаева А.Т.*

# ОСОБЕННОСТИ ПОДГОТОВКИ ПЕДАГОГОВ В УСЛОВИЯХ КОМПЕТЕНТНОГО ПОДХОДА

*A.T. Kaldybaeva*

# FEATURES OF TRAINING OF TEACHERS IN TERMS OF COMPETENCE APPROACH

*УДК:37:378.978*

*Жогорку окуу жайларды бүтүп жаткан адистердин компетенттүлүгүн калыптандыруу учурдун талабы. Жалпы эле жогорку билим берүү системасында, анын ичинде педагогикалык билим берүүдө негизги басым компетенттүү мамилеге коюлууда, анын алкагында педагогикалык кадрларды даярдоо ишке ашырылууда. Компетенттүү мамилени жайылтуу зарылдыгы, биринчи кезекте, жогорку билим системасын дүйнөлүк деңгээлде интеграциялоо, ааламдашуу жана гармониялаштыруу теңденциялары менен шартталган. Заманбап коомго реалдуулукту бүтүндөй кабылдоого жөндөмдүү педагогдорду даярдоо зарыл. Ошондуктан "Окутуудагы компетенттүүлүк" категориясына өзгөчө көңүл бөлүүдө. Компетенттүүлүк – багыттуу билим алууда ЖОЖдун студенттери билимдерин толуктоого жана жаңылоого, креативдүү жана чыгармачыл ой жүгүртүүдө өз алдынча изилдөө жолдорун көрсөтүү, үйрөтүү маанилүү экендиги берилди.*

***Негизги сөздөр:*** *компетенттүүлүк, интеграциялоо, жөндөмдүүлүк, ааламдаштыруу, тенденция, практика, дискуссия, креативдүү ой жүгүртүү.*

*Каковы современные условия формирования компетентности у выпускников высших учебных заведений. В целом, основной упор в системе высшего образования, в том числе и в педагогическом, ставится на компетентностный подход, в рамках которого осуществляется подготовка педагогических кадров. Необходимость внедрения компетентностного подхода обусловлено, в первую очередь, тенденциями интеграции, глобализации и гармонизации системы высшего образования на мировом уровне. Необходима подготовка педагогов, способных воспринимать реалии современного общества в целом. Поэтому придается особое значение категории «Компетентность в обучении». При получении компетентностно-ориентированного образования важно, чтобы студенты ВУЗов пополняли и обновляли свои знания в креативном и творческом мышлении, демонстрировали самостоятельные исследовательские пути.*

***Ключевые слова:*** *компетентность, интеграция, способность, глобализация, тенденции, практика, дискуссия, креативное мышление.*

*What are the current conditions for the formation of competence of University graduates? It is necessary to train teachers who are able to perceive the realities of modern society as a whole. Therefore, special importance is attached to the category of "Competence in educating". When receiving competence-oriented education, it is important that University students replenish and update their knowledge in creative and creative thinking, demonstrate independent research ways. In Gtntral, the main emphasis in the system of higher edication, including pedagogical, is put on the competence appproach, wthen wich the training of teachers is corried oud. The need to introduce a competence – based approach is primarily due to the trands of integration, globalization and harmonization of the higher education sestem at the global level.*

***Key words:*** *competence, integration, ability, globalization, trends, practice, discussion, creative thinking.*

Акыркы он жыл билим берүү парадигмасынын өзгөрүүсү менен мүнөздөлүүдө. Заманбап билим берүүнү модернизациялоонун программасы билим берүүдөгү кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатууга багытталган. Жалпы эле жогорку билим берүү системасында, анын ичинде педагогикалык билим берүүдө негизги басым компетенттүү мамилеге коюлууда, анын алкагында педагогикалык кадрларды даярдоо ишке ашырылууда. Компетенттү мамилени жайылтуу зарылдыгы, биринчи кезекте, жогорку билим берүү системасын дүйнөлүк деңгээлде интеграциялоо, ааламдаштыруу жана гармониялаштыруу тенденциясы менен шартталган. Заманбап коомго педагогикалык реалдуулукту бүтүндөй кабылдоого жөндөмдүү, педагогикалык процесстин бардык катышуучулары менен жаратмандык менен диалог курууга даяр педагогдор зарыл. Мына ушуга байланыштуу, болочок педагогду даярдоодо негизги роль «окутуудагы компетенттүүлүк» категориясынын маңызына жана изилденүүчү чөйрөдө окумуштуулардын берген маалыматтарына берилүүдө. Кесиптик компетенцияларды калыптандыруу маселесин В.С. Безрукова, Ю.М. Жуков, С.Е. Шишов, И.Н. Агапов, Дж. Куллахан, Э. Ф. Зеер, И.А. Зимняя, О.Е. Лебедева, Г.К. Селевко, И.Д. Фрумин, А.В. Хуторской ж.б. окумуштуулар изилдешкен. И.Г. Агапов жана С.Е. Шишов компетенцияны «инсандын эмгек ишмердигине

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



ийгиликтүү киришүүсүнө багытталган окуу-таанып билүү процессиндеги инсандын өз алдынча катышуусуна багытталган билим алуусунун негизинде болгон билимдерине жана тажрыйбасына негизделген ишмердигине карата жалпы жөндөмдүүлүгү жана даярдыгы катары» карашат [1, 5].

А.В. Хуторской компетенттүү мамиле «турмуш көйгөйлөрүн чечүүнүн, түйүндүү (б.а. көптөгөн социалдык чөйрөлөргө тиешелүү) функцияларды, социалдык ролдорду аткаруунун бүтүндөй тажрыйбасы, бул учурда предметтик билим берүү курамынан жок болуп кетпестен, ал мында карамагында болуу ролун аткарып калат» деп эсептейт [2, 58]. Билим берүүдөгү компетенттүүлүк (лат. competentia – адамдар жакшы чече алган маселелер) тигил же бул жаатта натыйжалуу иш алып барууга мүмкүндүк берүүчү билимдерге жана жөндөмдөргө ээ болуу катары аныкталат. Компетенция адамдын иш жүзүндө өзүнүн компетенттүүлүгүн жүзөгө ашыруу жөндөмдүүлүгү катары каралат, аны болочок педагогдор билим берүү процессинде гана эмес, аудиториядан тышкаркы иштерден, чөйрөнүн таасиринен жана башка аспектилерден да алышат. Г.К. Селевконун көз карашы боюнча, «компетенция жана компетенттүүлүк билим берүү бүтүрүүчүлөр заманбап шартта жашоого туруктуу болуп кыйынчылыктарды жеңе билүүсү үчүн зарыл болгон компетенциялардын комплексине ээ болуусунда шарттарды түзүүгө багытталган компетенттүү мамилесинин билим берүү конструктусу катары берилет» [1, 24]. Компетенттүү мамиледе өзгөчө билим берүүнүн натыйжасына көңүл бурулат, мында натыйжа катары өздөштүрүлгөн маалыматтын саны эмес, адамдын ар кандай кырдаалдарда аракеттенүү жөндөмдүүлүгү эсептелет. Билим, жөндөм, көндүм, жөндөмдүүлүк, компетенциялар тили аркылуу берилүүчү окутуунун күтүлүүчү жана студенттер менен бүтүрүүчүлөрдүн конкреттүү жетишкендиктери менен өлчөнүүчү натыйжалары студент ЖОЖду аяктагандан кийин эмнени жасоо керектигин көрсөтүп турат. Компетенттүү мамиле көз карашынан алганда, билим деңгээли алган билимдеринин негизинде ар кандай татаалдыктагы маселелерди чечүү жөндөмдүүлүгү менен аныкталат. Компетенттүү мамилени зун берүүдөгү салттуу системадан айырмалап турган белгиси – компетенттүүлүк өзүнө чыгармачылык, көңүл буруучулук, коммуникабелдүүлүк, максатка умтулуучулук ж.б.у.с. жеке сапаттарды камтыган. Мына ушулар менен катар эле, ЖОЖдогу билим берүү чөйрөсүнүн негизги милдети болуп инсандын конкреттүү кесиптик ишмердикте натыйжалуу иш алып баруусу үчүн маанилүү болгон жеке сапаттарын өнүктүрүүгөар тараптуу таасир этүү саналат. Өзүн өзү өнүктүрүүгө, жаңы билимдерге жана көндүмдөргө ээ болууга, ишмердигин байытууга карата тынымсыз жасалган аракеттер, өзүнүн квалификациясын үзгүлтүксүз жогорулатууга даярдыгы болочок педагогдордун компетенттүүлүктөрүн калыптандырууда борбордук маселеге айланат. Компетенттүү адисти даярдоо – бул маселени чечүү үчүн атайын шарттарды түзүүчү билим берүү мекемесинин негизги кызматы болуп эсептелет. ЖОЖдогу заманбап билим берүүнүн негизин:

- инсандын чыгармачыл активдүүлүгүндө курулган процесс катары; болочок педагогдо инсанды тарбиялоо жана өнүктүрүү;
- изилдөөчүлүк ишмердиги процессинде студенттердин илимий ой жүгүртүүсүн калыптандыруу;
- окутуучу жана студенттин биргелешкен ишмердигинин чыгармачыл мүнөзү;
- болочок адистерди өзүн өзү, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн жана жөндөмдүүлүктөрүн изилдөөгө багыттоо түзөт.

Болочок педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруунун оптималдуу жолдорун тынымсыз издөө педагогикалык адистиктеги ЖОЖдордун эң башкы милдети болуп эсептелет. Аталган милдетти чечүү тигил же бул дисциплиналарды окутуу сабактан тышкары тарбиялык мүнөздөгү иш-чараларды жүргүзүү менен тыгыз карым-катышта болгон окутуу процессин уюштуруу менен түздөн-түз байланышта жатат. Сабактан тышкаркы ишмердик студенттердин ички потенциалын, өз алдынчалыгын максималдуу өнүктүрүп, аларды болочок педагогикалык ишмердикке багыттоосу зарыл. Студенттердин өз алдынча иштерин уюштурууга биз өзгөчө көңүл бурабыз, анткени, ал окуу процессинин курамдык негизги тутуму гана болбостон, студенттердин педагогикалык компетенттүүлүгүн өнүктүрүүнүн негизги шарты болуп эсептелет. Студенттер өз алдынча иш алып баруу менен окуу материалын өздөштүрүп, изилдөөчүлүк жана кесиптик ишмердиктин көндүмдөрүн, окуу жана илимий адабият менен иштөө жөндөмүн, ар кандай курч кырдаалдарда жоопкерчиликтүү жана конструктивдүү чечимдерди кабыл алуу жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүшөт. Өз алдынчалуулуктун артында таанып билүү ишмердигинин жыйынтыктары үчүн чоң жоопкерчилик жатат, бул жеке мүмкүнчүлүктөрдү жана когнитивдик жөндөмдүүлүктөрдү эске алуу менен өнүктүрүүнүн жеке траекториясын аныктоо үчүн шарттарды түзөт. Компетенттүү мамиле шартында педагогдорду даярдоонун дагы бир өзгөчөлүгү болуп студенттердин ишин методикалык жетектөөнү модернизациялоо, усулдарды, формаларды жана окутуу максаттарын өзгөртүү эсептелет. Компетенттүү мамиле шартында болочок педагогдорду кесиптик ишмердикке даярдоонун максаты, биздин оюбузча, жеке жана социалдык тажрыйбаны пайдалануунун негизинде чыгармачыл ишмердикти

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жаңыга өзгөртүүдө кесиптик жөндөмдөрдүн, билимдердин, жөндөмдүүлүктөрдүн комплексин, ар кандай татаалдыктагы маселелерди өз алдынча чечүүнү өнүктүрүүгө мүмкүн болгон шарттарды түзүү эсептелет. Компетенттүү адистерди даярдоого багытталган жогорку педагогикалык билим берүү системасындагы негизги максат – билим берүүнүн багыттарын аныктоо менен аларды ачып берип, анын мазмунун жана курамын өзүнө багындыруу. Тапшырмалардын такталган системасын түзүүнүн себептеринин арасында төмөнкүлөрдү бөлүп кароого болот:

1) максатты конкреттештирүү (көңүлдү эң башкыга буруу менен, окутуучу студенттердин педагогикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу боюнча негизги милдеттерди, андан аркы иштерди аныктайт);

2) «окутуучу-студент» системасындагы ачык жана ишеним карым-катыш;

3) кесиптик педагогикалык компетенттүүлүктү калыптандыруу деңгээлин баалоонун эталонун түзүү.

Компетенттүү – багыттуу билим берүүдө студенттерди окутуунун формаларын жана усулдарын тандоо маселеси ишмердиктүү мүнөзгө ээ болууда. Окутуунун формалары жана усулдары, продуктивдүү мүнөзгө ээ инновациялык технологиялар пайдаланылып, студенттерди даярдоодо негизги басым таанып билүү процессине жасалды, анын натыйжалуулугу жана эффективдүүлүгү студенттин өзүнүн өзгөрүлүүчү таанып билүү ишмердигине көз каранды. Билимдердин жана жөндөмдөрдүн калыптануусу студенттердин практикалык ишмердигинде жүзөгө ашырылат. Педагогикалык адистиктеги заманбап ЖОЖдун бүтүрүүчүсүн анын мобилдүүлүгү, билим берүүдөгү инновациялык процесстерге курч мамиле этүү менен өз алдынча билим алууга болгон жөндөмдүүлүгү мүнөздөп турат. Окутуунун активдүү усулдарын студенттин таанып билүү ишмердигин уюштуруунун бардык этаптарында пайдалануу зарыл:

- билимди өздөштүрүүнүн баштапкы этабында көйгөйлүү лекция, лекция-дискуссия, эвристикалык аңгемелешүү ж.б. усулдар колдонулат;

- бекемдөө жана текшерүү этабыжамааттык ой жүгүртүү ишмердиги усулун, дискуссияларды ж.б. пайдалануусу менен мүнөздөлөт;

- кесиптик сапаттарды калыптандыруу жана чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүү этабында моделдөө, педагогикалык маселелерди, иштиктүү жана иммитациялык оюндарды ж.б. чечүүусулдарын пайдаланууга болот.

Студенттерди окутууда активдүү усулдарды пайдалануу кесиптик билимдерди, жөндөмдөрдү аңсезимдүү өздөштүрүүгө, кесиптик ой жүгүртүүнү жана кызыкчылыктарды өнүктүрүү менен, болочок мугалимдин практикалык ишмердигинде зарыл болгон коммуникативдик жөндөмдөрдү өнүктүрүүдө өбөлгө түзөт.

Жыйынтыгында белгилей кетчү нерсе, компетенттүү мамиле болочок педагогдорду даярдоо процессине олуттуу оңдоо-түзөөлөргө алып келүү менен, ага ишмердиктүү, практикалык-багыттуу мүнөз берип турат. Компетенттүү – багыттуу билим алууда педагогикалык ЖОЖдун студенттери билимдерин толуктоого жана жаңылоого, креативдүү жана чыгармачыл ой жүгүртүүгө зарыл болгон материалды өз алдынча издөөгө багытталган, бул болочок педагогдон компетенттүү инсанды калыптандырууга өбөлгө түзөт. Кыргызстан Болон процессине 2011-жылы кирген. Билим берүүнү модернизациялоо материалдарында билим берүү мазмунун жаңылоонун эң маанилүү концептуалдык жобосу катары компетенттүү мамиле тууралуу жар салынат. Демек, билим берүүнү өнүктүрүүнүн мамлекеттик максаттык программасынын эң башкы маселелеринин бири болуп өз кесибин жакшы билген жана ага жакын ишмердик жааттарында багыт таба алган квалификациялуу, компетенттүү адисти даярдоо эсептелет. Бул үчүн, модулдук-компетенттик негизде мамлекеттик билим берүү стандарттары кайрадан иштелип чыгып, толукталды.

**Литература:**


1. Селевко Г.К. Компетентности и их классификация / Г.К. Селевко // Народное образование. - 2004. - №4.
2. Хуторской, А. Ключевые компетенции как компонент личностно ориентированной парадигмы образования / А. Хуторской // Народное образование. - 2003. - №3.
3. 1Шишов, С.Е. Компетентностный подход к образованию: прихоть или необходимость / С.Е. Шишов, И.Г. Агапов // Стандарты и мониторинг в образовании. – 2002. - №3.


**Рецензент: д.пед.н., профессор Рысбаев С.**